# Кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногу

*(2013-жылдын июль айы)*

**1-график. Ички банктар аралык кредит рыногундагы бүтүмдөрдүн көлөмдөрүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




2013-жылдын июль айында банктар аралык кредиттик рынокто жагдай, ликвиддүүлүктүн кыйла таасиринин жана айрым коммерциялык банктарда анын концентрациялануунун жогорку деңгээлинин алкагында, акча ресурстарга сакталуучу жогорку суроо-талаптын таасири астында болгон. Алсак, каражаттардын ички банктар аралык рынокто операциялардын жалпы көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 16,4 пайызга көбөйүү менен, 1,1 млрд. сомду түзгөн. Банктар аралык кредиттер сегментинде, улуттук валютада операциялардын көлөмүнүн 336,5 млн. сомго чейин (дээрлик 10 эсе) көбөйүүсү белгиленген, ошол эле убакта репо шартындагы операциялардын көлөмү 17,7 пайызга, 716,9 млн. сомго чейин төмөндөгөн. Мында, Улуттук банк тарабынан июль айында “овернайт” кредити 40,0 млн. сом суммасына бир жолу берилген, бул банк системасында ашыкча ликвиддүүлүктүн жетиштүү көлөмүнүн болуусун чагылдырат. Кредиттик ресурстардын ички рыногунда чет өлкө валютасында операциялар жүргүзүлгөн эмес.

**2-график. Ички банктар аралык кредит рыногундагы күндөлүк жүгүртүүлөр жана чендер**




Улуттук валютадагы кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,2 пайыздык пунктка, 7,1 пайыздан 6,9 пайызга чейин төмөндөгөн. Репо шартында

кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган чен 0,9 пайыздык пунктка көбөйүү менен 4,3 пайызды түзгөн. Улуттук банктын эсептик ченинин базасында эсептелинген “овернайт” кредиттери боюнча чен 4,6 пайызды түзгөн (+0,8 пайыздык пункт).

Улуттук валютадагы кредиттер боюнча орточо алынган мөөнөт 117 күнгө чейин кыскарган, ошол эле убакта июнь айындагы ушул эле көрсөткүч 160 күнгө барабар болгон. Репо шартында каражаттарды тартуу сегментинде операциялардын орточо алынган мөөнөтү 5 күндөн 11 күнгө чейин көбөйгөн[1].

**3-график. Банктар аралык кредит рыногунда резидент эмес банктар менен чет өлкө валютасындагы бүтүмдөрдүн көлөмүнүн жана пайыздык чендеринин динамикасы**




Кредиторлордун концентрациялануу индекси ай ичинде 0,39дан 0,21ге чейин кыскарган, дебиторлордун концентрациялануу индекси да 0,28ден 0,18ге чейин азайган. Буга карабастан, бул индекстердин маанилери рыноктун концентрациялануунун сакталуучу жогорку деңгээлин көрсөтүп турат жана рынокто бирдей үлүштөгү беш кредитордун жана беш карыз алуучунун катышуусуна ылайык келет.

Резидент эмес-банктар менен валютадагы кредиттик бүтүмдөрдүн көлөмү июль айында учурдагы жылдын өткөн айындагы ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 70,5 пайызга жогорулоо менен 1,1 млрд. сомдук эквивалентти түзгөн. Карыз алуу валюталары АКШ доллары жана евро болгон. Резидент эмес – банктар менен кредиттик операциялар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2013-жылдын июнь айына салыштырмалуу 0,1 пайыздык пунктка көбөйүп, 0,8 пайызды түзгөн.

**1-таблица. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | Көлөмү( млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| Июль'2012 | 150,0 | 3 | 7,8 | - | - | 100,0 | 7,8 | 50,0 | 8,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Август | 100,0 | 2 | 8,0 | - | - | 50,0 | 8,0 | 50,0 | 8,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Сентябрь | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Октябрь | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Ноябрь | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Декабрь | 480,6 | 11 | 7,7 | 75,0 | 4,0 | - | - | 23,5 | 9,0 | 22,4 | 9,0 | 80,2 | 10,1 | - | - | 120,8 | 9,6 | 69,0 | 6,5 | 89,7 | 6,5 |
| Январь'2013 | 119,1 | 3 | 7,2 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 119,1 | 7,2 | - | - | - | - |
| Февраль | 246,6 | 3 | 11,3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 47,8 | 7,0 | 47,8 | 7,0 | 151,0 | 14,0 |
| Март | 69,0 | 2 | 7,0 | - | - | - | - | - | - | 20,0 | 7,0 | - | - | - | - | - | - | 49,0 | 7,0 | - | - |
| Апрель | 385,0 | 6 | 6,7 | - | - | 30,0 | 3,5 | - | - | - | - | - | - | - | - | 40,0 | 6,5 | 266,7 | 7,0 | 48,3 | 7,0 |
| Май | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июнь | 33,9 | 2 | 7,1 | - | - | 9,7 | 3,5 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | 24,2 | 8,5 | - | - |
| Июль | 336,5 | 5 | 6,9 | - | - | - | - | - | - | 180,0 | 6,0 | - | - | - | - | 19,7 | 8,0 | 136,8 | 8,0 | - | - |

[1] Эскертүү.: Салыштыруу үчүн ай ичиндеги орточо салмактанып алынган мөөнөттөр алынган.

**2-таблица. Коммерциялык банктардын репо операциялары (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | Көлөмү( млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| Июль'2012 | 261,4 | 4 | 7,8 | - | - | 261,4 | 7,8 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Август | 578,4 | 10 | 8,0 | 13,2 | 8,0 | 565,2 | 8,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Сентябрь | 620,7 | 11 | 8,0 | 98,1 | 8,0 | 522,6 | 8,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Октябрь | 389,2 | 5 | 6,6 | 100,1 | 7,5 | 289,1 | 6,3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Ноябрь | 841,7 | 12 | 4,5 | 41,6 | 4,0 | 800,1 | 4,5 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Декабрь | 90,7 | 3 | 3,5 | - | - | 67,2 | 3,5 | 23,5 | 3,5 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Январь'2013 | 331,2 | 6 | 3,3 | - | - | 298,2 | 3,3 | 33,1 | 3,5 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Февраль | 229,1 | 6 | 3,3 | - | - | 229,1 | 3,3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Март | 23,0 | 1 | 3,5 | - | - | 23,0 | 3,5 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Апрель | 466,3 | 12 | 3,4 | 94,3 | 3,2 | 372,0 | 3,5 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Май | 508,1 | 15 | 3,4 | 93,8 | 3,5 | 414,3 | 3,3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июнь | 870,7 | 27 | 3,4 | 52,1 | 3,5 | 755,6 | 3,4 | 63,1 | 3,5 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июль | 716,9 | 21 | 4,3 | 168,3 | 3,9 | 447,9 | 3,7 | - | - | - | - | 100,8 | 7,5 | - | - | - | - | - | - | - | - |

**3-таблица. Резидент банктардын ортосунда четөлкө валютасындагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | Көлөмү( млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| Июль'2012 | 33,0 | 1 | 0,0 | - | - | 33,0 | 0,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Август | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Сентябрь | 33,1 | 6 | 3,0 | 24,1 | 3,0 | 9,0 | 3,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Октябрь | 7,6 | 1 | 3,0 | - | - | 7,6 | 3,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Ноябрь | 18,2 | 3 | 3,0 | 12,2 | 3,0 | 6,0 | 3,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Декабрь | 13,0 | 1 | 3,0 | 13,0 | 3,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Январь'2013 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Февраль | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Март | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Апрель | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Май | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июнь | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июль | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |